« Бекитемин»
Базар – Коргон райондук билим беруу болумунун башчысы
_________________________ Ш. Шабданов

# Жалал –Абад областынын
# Базар – Коргон районундагы
# № 17 С. Далбаев атындагы гимназия мектебинин

# УСТАВЫ

**Жалал- Абад областынын Базар -Коргон районундагы № 17 Сатбалды Далбаев атындагы гимназия жалпы билим беруучу орто мектебинин**

# УСТАВЫ

## I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР.

1.1. Базар- Коргон районундагы № 17 Сатбалды Далбаев атындагы гимназия мектеби Кыргыз Республикасынын ченемдик актыларына, " Билим беруу жонундогу" Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык билим беруу мекемеси катары мындан ары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, ченемдик актыларынын жана ушул Уставдын негизинде ишмердуулугун жургузот.

1.2. Базар - Коргон районундагы № 17 Сатбалды Далбаев атындагы гимназия мектеби ар бир жарандын милдеттуу жана акысыз баштапкы жана негизги билим алуусун мамлекеттик билим беруу стандарттарынын талаптарынын чегинде жана айрым жарандардын жондомуно, чыгармачылык мумкунчулугуно жараша сапаттуу билим алуусун иш жузуно ашыруучу билим беруу мекемеси болуп эсептелет.

1.3. Базар -Коргон районундагы № 17 Сатбалды Далбаев атындагы гимназия мектеби юридикалык жак катары гербдуу моорго, штампка ээ.

1.4. Базар - Коргон районундагы № 17 Сатбалды Далбаев атындагы гимназия мектебини Уставы Жалал- Абад областтык юстиция башкармасы тарабынан мамлекеттик каттоодон откондон кийин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ченемдик актыларына ылайык юридикалык укукка ээ болот.

1.5. Базар- Коргон районундагы № 17 Сатбалды Далбаев атындагы гимназия мектеби мындан ары окуу тарбия процесин уюштурууда, ишмердуулукторун жургузуудо жалпы билим беруучу мекеме катары, " Билим беруу жонундогу" Кыргыз Республикасынын мыйзамын жана областтык юстиция башкармасы тарабынан каттоодон откон ушул Уставды жетекчиликке алат.

1.6. Базар- Коргон районундагы № 17 Сатбалды Далбаев атындагы гимназия мектебинин уюмдаштыруучусу: Базар- Коргон райондук билим беруу болуму жана гимназиянын педагогикалык жамааты.

1.7. Гимназия мектебинин толук аталышы: № 17 Сатбалды Далбаев атындагы гимназия мектеби.

1.8. Уюштуруу - укуктук формасы: мекеме.

1.9. Базар- Коргон районундагы № 17 Сатбалды Далбаев атындагы гимназия мектебинин жайгашкан орду: Жалал- Абад областы, Базар- Коргон району, Могол айыл Окмоту.

# II. ГИМНАЗИЯ МЕКТЕБИНИН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ.

**Максаттары:**

2.1 Гимназия - узгултуксуз билим беруунун звеносу болуп саналган жалпы орто билим беруучу мектептин турлорунун бири. Гимназиянын негизги милдеттери - окуунун жекелетуу жана дифференциялоо принциптерин жузого ашыруу, окуудагы окуучулардын жондомдуу жана шыктуу балдарды алардын терендетип окуусу учун сабактарды оз алдынча тандап алуу учурунда ар тараптан билим алышы максатында окутуп, сабактардын ар турдуу формаларын жана ар кандай багыттагы сабактан тышкары иштер аркылуу, алардын окууга чыгармачылык мамилесин калыптандыруу болуп саналат.
2.2 Мектеп жашындагы жарандардын акыл- эс, нравалык жактан онугуусу, сезимтал жана дене- тузулушунун чын болуусун камсыз кылуу.
2.3 Ак,- сезимдуу жарандык позияцияга ээ болгон, демократиялык езун-езу башкарууга катышуучу,турмушка жана эмгекке даяр жарандарды тарбиялоо.
2.4 Окуу - тарбия процесин мезгил талабына жараша уюштуруу аркылуу окуучулардын билимге болгон кызыгуусун, чыгармачылык мамилесин калыптандыруу, окуучуларга кесиптик багыт беруу.

**Милдеттери:**

2.5 "Билим беруу жонундогу" Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жалпыга милдетуу акысыз баштапкы, негизги билим беруну турмушка ашыруу.
2.6 Жалпыга милдеттуу негизги билимди ишке ашыруу учун билим беруунун ийгиликтуулугун камсыз кылуу жана окуучулардын кызыгууларын, жондомдорун онуктуруу учун максималдуу шарттарды тузуу.

## III.Окуу- тарбия процесинин стуруктарасы жана уюштурушу.

3.1 № 17 Сатбалды Далбаев атындагы гимназия мектеби мамлекеттик стандарттагы билим беруну турмушка ашыруу менен томонкудой уч баскычты камтыйт:
I баскыч ( башталгыч билим) - 1- 4 - класстар:
II баскыч ( негизги билим ) - 5- 9- класстар:
III баскыч ( орто билим) 10- 11- класстар.
I баскычта - окуучулар окуу ишмердуулугунун зарыл ыктарын жана жондомдорун алышып, окуй алууга, жазууга, санкого уйронушуп, теориялык ой жугуртуунун элементтерине, суйлоонун жана журуш - туруштун маданиятына, жеке гигиенанын негиздерине ээ болушат.
II баскычта - окуучулар коомдун турмушуна толук баалуу тартууга зарыл болгон жалпы билми беруунун бекем пайдубалын алып чыгышат.

Ал окуучулардын инсандыгын, анын шыгын, илимий көз –карашын калыптандырууга жөндөмүн өнүктүрүүнү камсыз кылат.

III баскычта – гимназия окуутуну кенен жана терең дифференциялоонун негизинде окуучуларга жалпы билим берүү даярдыгын аяктоонун жүзөгө ашырат.

3.2. Гимназияда так жана гуманитардык сабактар тереңдетилип окутулат.

3.3. Гимназия мектебинде окуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт.

3.4. Гимназия мектебинин окуучуларынын контингентин мектеп жайгашкан аймактагы айыл өкмөттөрү менен биргеликте эсепке алынган мектеп жашындагы окуучулардын саны түзөт. 1- класска кабыл алуу, окуучулардын окууга болгон даярдыгы эске алынуу менен 6,7 жаштан жүргүзүлөт.

3.5. Гимназиячылар I жана II баскычты бүткөндөн кийин кийинки баскычка кирүү экзамендерин, ал эми III баскычты бүткөндө педагогикалык совет белгилеген сабактар боюнча бүтүрүү экзамендерин тапшырышат.

3.6. Гимназиядагы окуучулардын толукталышы билим берүү жана илим министрлиги бекиткен ченемдик актыларга ылайык төмөнкүдөй тартипте жүргүзөлөт:

- 1-4- класстарда 20-25- окуучуга чейин;
- 5- 9 – класстарда 15- 20- окуучуга чейин;
- 10- 11- класстарда 15 – 20 –окуучуга чейин.

3.7. Гимназия мектебинде окуу 1- сентябрда башталып, 25- майда бүтөт. Окуу жылы ичиндеги каникулдардын мөөтү календардык 30 күндөн, жайындасы 8 жумадан кем болбойт. Каникулдардын мөөнөттөрү төмөнкүдөй:

- күзгү каникул- 8 күн ( 2 – ноябрдан башталат);
- кышкы каникул- 12 күн ( 31- декабрдан башталат);
- жазгы каникул – 10 күн ( 22- марттан башталат).

3.8. Гимназия мектебинде окуу сабактары жүрүп жатканда окуучуларды айыл- чарба жумушуна тартууга уруксат берилбейт.

3.9. Гимназия мектебинде сабактардын узактыгы төмөнкүдөй: 1- класс үчүн 40 мину, 2-11- класстар үчүн 45 минут. Гимназиянын администрациясына өз алдынча сабактардын узактыгын өзгөртүүгө уруксат берилбейт.

3.10.Гимназия мектебинин 9 – классын ийгиликтүү аякташкан окуучуларга толук эмес орто билими жөнүндөгү күбөлүк, 11- классын ийгиликтүү аякташкан бүтүрүүчүлөргө орто билим туралуу атестат берилет.

3.11.Гимназиянын 9-11- класстарын эң жакшы баларга окуп аякташкан бүртүүүчүлөргө билим берүү жана илим министрлиги бекиткен атайын жобого ылайык билими тууралуу артылыкчылык документери жана грамоталары берилет.

3.12.Гимназия мектеби окуу процесин жүргүзүдө билим берүү жана илим министрлиги бекиткен окуу планын түздөн- түз жетекчиликке

алат.Окуу планындагы Республикалык конпоненттеги сааттар гимназияда милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш жана өзгөртүүгө жатпайт. Окуу планы райондук билим берүү башкармасы тарабынан бекитилет.

3.13.Гимназияда мектеп конпонетине бөлүнгөн сааттарга акы төлөө Кыргыз Республикасыны Өкмөтүнүн 1998- жылдын 30- сентябрындагы №404 токтомунда көрсөтүлгөн кружокторду уюштурууга, лекцияларды окууга ажыратылган ставкалар боюнча жүргүзүлөт.

3.14.Гимназия мектебинин окуу планында көрсотүлгөн предметтерин мазмундары мамлекеттик билим берүү стандарттары тарабынан белгиленет.Алар негизги жана орто билим берүү программаларынын мазмунун милдеттүү минимунун, окуп жаткандардын окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмүн, бүтүрүчүүнү даярдоонун деңгээлине карата талаптарды, окуп жаткандардын белгилүү бир билим берүү программаларын өздөштүргөнүн ырастаган документтердин формаларын аныктайт. Мамлекеттик стандарттагы окуу программалары гимназия мектеби үчүн милдеттүү болуп эсептелет.

3.15.Гимназия мектеби Кыргыз Республикасынын билим берүү жана Илим министрлигинин " Жалпы билим берүүчү мектептерди мамлекеттик аттестациядан өткөрүү" жөнүндөгү атайын бекиткен жобосуна ылайык 5 – жылда бир аттестациядан өткорүлөт. Аттесциялоо Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы билм берүү мекемелерин лицензиялоо жана аттестациялоо боюнча мамлекеттик инспекциясы жана областык билим берүү башкармасы тарабынан жүргүзүлөт.

3.16.Гимназия мектеби мамлекеттик аттестациядан өткөндөн кийин гана бүтүрүүчү класстардын окуучуларына мамлекеттик үлгүдогү билими тууралуу документтерди бере алат.

3.17.Гимназия мектебинде билим берүү жана илим министрлиги бекиткен " Мектептерде окуучуларга экстернат формасында билим берүү" жөнүндөгү жобосунун негизинде экстернат түрүндө билим берилет.Экстернат формасындагы билим берүү окуучулардын жана алардын ата- энелеринин каалоолору аркылуу гана жүргүзүлөт.

3.18.Жетишпеген окуучулар гимназия советинин чечими боюнча жалпы орто билим берүүчү мектептин тиешелүү классынын программасы боюнча аттестацияланат жана гимназиядан жалпы орто билим бнрүү мектепке которуулу менен чыгарылат.

3.19.Гимназиянын педогогикалык жамааты конкурстук келишимдин негизинде бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөтто калыптанат. Мугалим менен келишим шартталган мөөнөттөн мурда гимназиянын совети тарабынан атттестациялык комиссиянын сунушу боюнча же аракеттенген эмгек мыйзамына ылайык бузулат.Аттестацияны гимназиянын совети түзгөн аттестациялык комисия жургүзүлөт.

3. 20.Гимназия класстарына окуучулар конкурстук негизде кабыл алынат.

## IV. ГИМНАЗИЯДАГЫ ОКУУ ПРОЦЕССИНЕ КАТЫШУУЧУЛАР

4.1.Гимназия мектебиндеги окуу- тарбиялоо процессине түздөн – түз катышуучулары болуп гимназиянын окуучулары, алардын ата- энелери жана аларды окуткан мугалимдер болуп саналат.

**Окуучулардын милдеттери:**

- Кыргыз Республикасынын конституциясын, мамлекеттик символдорун билүүгө жана урматтоого;
- Окуучулардын абийир кодексин милдетүү түрдо аткаруу менен Уставда көрсотүлгөн окуучулар үчүн бирдиктүү талаптарды аткарууга жана урматтоого;
- Сабактарды калтырбоого жана кечикпөөгө ;
- Гимназиянын кадыр – баркын көтөрүү максатында бардык коомдук иштерге активдүү катышууга;
- Коомдук жерлерде, гимназияда өзүн маданияттуу алып жүрүүгө;
- Өзүнүн ден- соолугу жөнүндө камкордук көрүүгө жана мектептин тазалыгын сактоого;
- Класстын, гимназиянын мүлкүнө этият мамиле жасоого;
- Гимназиянын мугалимдеринин айткандарын аткарууга жана аларды урматтоого;
- Окуу китептери, окуучулар үчүн атайын кийим- кечектер менен камсыз болууга.

**Окуучулардын укуктары:**

- Гимназиянын бардык баскычтарында ( I ,II, III) акысыз билим алууга ;
- Окутуунун түрдүү формаларынан пайдаланууга ( күндүзгү, экстернат);
- Өздөрүнүн каалоолору жана ата- энелери менен макулдугунун негизинде кошумча билим берүү ( акы төлөнүчү) кызматтарынан пайдаланууга ;
- Акысыз медициналык тейлөөдөн өтүүгө;
- Гимназиянын китепканасынан окуу жана көркөм адабияттарды алып пайдаланууга ;
- класстагы жана гимназиядагы окуучулардын башкаруу оргондарына шайланууга жана аларды шайлоого;
- окуу- тарбия иштерин жакшыртуу боюнча сунуш – пикирлерин а йтууга ;
- класстан жана гимназиядан тышкары иштерге активдүү катышууга, өз каалоосу боюнча гимназиянын айланасын жашылдардырууга;
- өзүнүн же ата- энелеринин каалоосу боюнча башка мектепке окуу үчүн которулууга.

**Мугалимдердин милдетттери:**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы, мамлекеттик символдорун урматтоого жана билүүгө;
- Мугалимдин абийир кодексин милдеттүү түрдө аткаруу менен педогогдук этиканын ченемдерин сактоого, мектептин Уставынын талаптарын аткарууга жана урматтоого;
- Окуучулардын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына төмөн болбогон деңгээде билим берүү программаларын өздөштүрүүсүн камсыз кылууга;
- Окуп жаткандардын өз алдынчалуулугун, окууга чыгармачыл мамиле жасоосун өнүктүрүүгө, жүрүм- турумдун, жогорку адеп – ахлактык ченемдерин калыптандырууга ;
- Өзүнүн кесиптик деңгээлин дайыма өркүндөтүүгө жана квалификациясын кеминде 5 жылда бир жолу жогорулатууга;
- Окуп жаткандарга карата күч жана моралдык зомбулук көрсөтүү усулдарын колдонбоого;
- Өзүнө бекитилген класстагы мугалимдер, ата- энелер менен тыгыз байланышта болуп, окуучулардын терең билим алуусуна, эмгекти сүйүүсүнө, маданияттуу жүрүм- турумга ээ болуусуна жетиштирүүгө.

**Мугалимдердин укуктары**

- педагогдук ишти уюштуруунун усулдары менен түрлөрүн эркин тандап алууга ;
- өз аброюна жана кесиптик баркын коргоого, кесиптик ишин жакшыртуу максатында тиешелүү шарттарды талап кылууга;
- Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн мамлекеттик башкаруу борбордук органы аныктаган тартипте мамлекеттин эсебинен озүнүн кесиптик деңгээлин жана квалификациясын жогорулатууга;
- Гимназиядагы алгачкы башталгышты башкаруу органдарынын мүчөлүгүнө же жетекчилигине шайланууга жана шайлоого;
- Окуу- тарбия иштерин жакшыртуу боюнча сунуштарын, пикирлерин педкеңешмеде, гимназиянын администрциясына айтууга;
- өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн ардак грамоталар, “ Билим берүүнүн отличниги” төш белгиси, орден медалдар менен сыйланууга.

**Ата- энелердин милдеттери**

- Балдардын саламаттыгынын сактыгын, алардын руханий жана дене боюнун жетилишин, үй- бүлөдө адеп – ахлактык жактан калыптанышын камсыз кылуучу тиричилик жана окуу шарттарын түзүүгө;
- Балдарды гимназияга жайгаштырууга жана алардын жакшы окуусуна кепил болууга;
- Гимназиянын Уставынын талаптарын аткарууга;

- муғалимдерге окуу жүктөмдөрүн баштапкы профсоюз комитети менен макулдашып бөлүштүрөт;
- гимназиянын окуу – тарбия иштерин жакшыртуу жана материалдык техникалык базасын чыңдоо максатында жана көйгөйлүү маселелерди чечүү үчүн тийиштүү инстанцияларга кайрылат.

5.4. Гимназия мектебинин директору өзүнүн кызматтык милдетинин аткарылышы боюнча жалпы педагогдордун катышуусу менен баштапкы профсоюз уюмунун өндүрүштүк чогулушуна эки жолу отчет берет.

5.5. Гимназия мектебинин директору ата- энелердин, коомчулуктун жана өзүнөн жогорку турган жетекчи органдардын алдында уставдын талаптарынын жана кызматтык милдеттеринин аткарылышы боюнча жекече жооп берет.

5.6. Гимназия мектебинин өзүн-озу башкаруучу жогорку органы конференция болуп саналат, ал жылына 1 жолудан кем эмес өтөрүлөт.Конференцияга делегаттар, гимназиянын кызматкерлеринин жамааттарынын, окуучулардын, ата- энелердин коомдук уюмдарынын чогулуштары менен шайланышат.Конференцияда гимназияны башкаруу боюнча кеңеш шайланат. Кеңеш гимназиянын окуу- тарбия иштерин жакшыртуу, материалдык техникалык базасын чыңдоо жана мектеп ишинин структурасын жана негиздерин аныктоо багыттарында иш жүргүзөт.

## VI.ГИМНАЗИЯНЫН МҮЛКҮ. ӨНДҮРҮШҮК ЖАНА ЧАРБАЛЫК ИШТЕР.

6.1.Гимназиянын имараты, мүлктөрү жана окутуунун техникалык каражаттары гимназиянын менчиги болуп эсептелет. Аларды сактоо, ремонт иштерин жүргүзү, толуктоо жүргүзү боюнча жоопгерчилик гимназияга жүктөлөт.

6.2.Гимназия мектебинин окуу планы толук түрдө мамлекет тарабынан каржыланат.

6.3.Гимназия мектебиндеги муғалимдердин эмгек акылары окуучулардын ар бирине класс – комплектисине жана тобуна эсептелген типтүү ченемдердин негизинде, ар бир окуучуга иш жузүнө жумшалуучу чыгымдардын ыраттуу көбөйтүү аркылуу жүзөгө ашырылат.

6.4.Гимназия Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлиги менен макулдашылган жекече штаттык расписаниеге ээ. Гимназияга ар бир класска ийримдерди, клубдарды, студияларды, бирикмелерди уюштуруу жана айрым лексияларды окутуу үчүн кошумча ставкалар бөлүнөт.

6.5. Гимназиядагы билим берүүнү каржылоонун булактары болуп төмөнкүлөр саналат:

- республикалык жана жергиликтүү бюджет;

- уюмдаштыруучунун, жеке юридикалык жактардын, чет мамлекеттердин жана башка жарандардын каражаттары жана алардын ыктыярдуу соопчулук, максаттуу төгүмдөрүн каражаттар;
- чарбалык - өндүрүштүк жана соода түйүндөрүн ачуу,өздүк чарба түзүү, юридикалык укукка ээ болгон чакан иш кана түзүү;
- акы төлөөчүү кошумча билим берүү кызматтарын уюштуруу;
- билим берүүнү колдоочу фонддорду түзүү;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына карама-каршы келбеген жана башка булактары;

## VII.ГИМНАЗИЯ МЕКТЕБИНИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН КАЙРА УЮШТУРУУ ЖАНА ЖОЮУ

7.1Гимназиянын ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте кайра уюшулат же жоюлат.

7.2.Гимназияны кайра уюштуруу же жоюу иштери окуу жылынын аягында жүзөгө ашырылат.Мындай учурда уюмдаштыруучу окуучуларды ата-энесинин макулдугу боюнча башка мектептерге жайгаштыруу жоопкерчилигин өзүно алат.

7.3.Гимназиянын билим берүү ишмердүүлүгү токтотулган мезгилде окуучулар башка мектептерге жайгаштырылат жана мектептин материалдык - техникалык базасы, мүлкү өткөрүп берүү актыларынын негизинде уюмдашыруучунун чечими боюнча башка мектептерге өткөрүлүп берилет.

7.4.Гимназиянын Уставына өзгөртүүлөрдү кийрүү жана кабыл алуу иштери, мектептин жалпы педагогикалык кеңешмесинин чечими менен жүргүзүлөт.

**Устав гимназия мектебинин жалпы Кеңешмесинин**
**“_7_” _сентябрь_ 20_11_-жылдагы**
**№_3_ чечиминин негизинде кабыл алынган.**

Жалал-Аб[illegible]д об[illegible]сттык юстиция [illegible]б[illegible]ш[illegible]армас[illegible]

Номерленген, тигилген жана мөөр басылганы баргыгы ______ 99 ж. ______

28 09 2012